DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*Төрөмырзаев Т.Т., Боронбаев Т.Ж.*

# УКУКТУК ЧЕНЕМДЕРДИН ТҮШҮНҮКТӨРҮ, КООМДУК МАЗМУНУ ЖАНА ТҮРЛӨРҮ

*Торомырзаев Т.Т., Боронбаев Т.Ж.*

# ПОНЯТИЯ, ЗНАЧЕНИЯ И ВИДЫ ПРАВОВЫХ НОРМ

*T.T. Toromyrzaev, T.Zh. Boronbaev*

# CONCEPTS, MEANINGS AND TYPES OF LEGAL NORMS

*УДК: 340.1 (575.2)(04)*

*Макалада азыркы кыргыз коомунун реформалануу шарттарындагы укуктук ченемдердин аныкталуусу, анын өнүгүү динамикасындагы калыптануусуна, маанисине тиешелүү маселелер жаатына арналган көрүнүктүү окумуштуулардын изилдөөлөрүндөгү, укуктук ченемдер коомдук ченемдеринин түрлөрүнүн арасынан өтө маанилүү жана негизги жөнгө салуучусу жана башаты болуп саналат деген түшүнүгүнө негизделгенин, расмий түрдө аныкталган, жалпы милдеттүү юридикалык ченемдердин системасы деген аныктамадан келип чыгаары далилденип, укуктук ченемдерди коомдук жашоодогу мамилелерди жөнгө салуучу аракеттердин жыйындысы иретинде кароо аракеттери көрүлгөн. Ошону менен бирге, коомдук жашоонун маанисинин укуктагы чагылдырылуусу, анын милдеттендирүүчү эрежелер жана ченемдер менен байланышынан келип чыгаары, укуктук ченемдердин белгилерин жиктештирүүдөгү (классификациялоодогу), ченемдин жалпы милдеттүүлүгүнүн, абстракттуулугунун (анын жеке таандыкташтыгынын), анын расмий аныктуулугунун, жүзөгө ашырылуусунун камсыздалуусу жана ченемдин көп жолку аракеттүүлүгү белгиленген.*

***Негизги сөздөр:*** *адеп-ахлак, жүрүм-турум, адептүү ченемдер, мыйзам, юрисдикция, табигый укук, ахлактык укук, ахлактык баалуулуктар, укуктук ченемдер.*

*В статье рассматриваются проблемы значения общественной жизни в праве, обусловленность его отражения в правилах и нормах, а также проблематика анализа особенностей их взаимодействия. В связи с тем, что жизнь общества, отражая свое значение в морали и праве, связана с правилами и нормами, обязательными для исполнения всеми членами общества, вопрос взаимоотношений между нормами морали и права находится в центре особого внимания, поэтому мораль и право всегда должны быть взаимоисключающими. Жизнь общества, отражающая его сущность в морали и праве, связана с правилами и нормами, обязательными для исполнения всеми членами общества, хотя и установлено, что они являются совокупностью целенаправленных действий личности, выполняющих функции регулирования социальных отношений и общественного контроля в обществе и основаны на общественных понятиях.*

***Ключевые слова:*** *мораль, поведение, нормы морали, закон, юрисдикция, естественное право, нравственное право, нравственные ценности, правовые нормы.*

*The article deals with the problems of the relationship between legal norms and morality in the conditions of reforming modern Kyrgyz society and the problems of analyzing the features of their interaction. Due to the fact that the life of society, reflecting its importance in morality and law, is connected with rules and norms that are binding on all members of society, the question of the relationship between the norms of morality and law is in the center of special attention, so morality and law should always be mutually exclusive. - the life of society, reflecting its essence in morality and law, is connected with the rules and norms that are binding on all members of society, although it is established that they are a set of purposeful actions of the individual, performing the functions of regulating social relations and social control in society and based on social concepts.*

***Key words:*** *morality, behavior, moral norms, law, jurisdiction, natural law, moral law, moral values, legal norms.*

Укуктук ченем, адеп-ахлактык, каада-салтттык, ж.б.у.с. ченемдер катары эле, коомдук ченемдердин өзгөчө түрлөрүнө кирет. Буга байланыштуу, укуктук ченемдерди аныктоого, биринчиден, анын тектик таандыгын чагылдырган, экинчиден, аны бул тектин ичиндеги башка объекттерден обочологон белгилери кошулат.

Ар кайсы окмуштуулар (М.И. Байтин, А.С. Пиголкин ж.б.), укуктук ченемдердин ар түрдүү белгилерин өзгөчөлөгөндүктөн, анын сырткы аныктамалары бири-биринен бир топ айырмаланат.

Укуктук ченемдердин маанилүү белгилеринин толук тизмеси төмөнкү белгилерин аныктайт: укуктук ченем – бул мамлекеттин жалпы алдын ала милдеттендирүүчү же буйруучу (предписание) бийлиги болуп саналат; расмий аныктамалуулукка ээ; мамлекеттин мажбурлоочу күчү менен корголот; жүрүм-турум эрежелеринен жана башаттык ченемдерден куралган; объективдүү дүйнөнү чагылдырат; коомдук мамилелерди жөнгө салат; жалпы мүнөзгө ээ; укуктук мами-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



лердин абстракттуу-типтүү модели; укук ченемдүүлүктүн жана укук ченемсиздиктин көрсөткүчтөрү (критерийи) [1].

Бул келтирилген белгилер, укуктук ченемдердин тектик жана өзгөчөлөнүүчү мүнөздөрүн гана эмес, коомдук курамын да ачып берүүдө. Ушуга байланыштуу, укуктук ченемдердин бардык өзгөчөлүктөрүн*: жалпы тектик (түрдүк), расмий-юридикалык жана коомдук* деп үч топко бөлүү орундуу. Укуктук ченемдердин жогоруда сунушталган топторго кирген тартибине ылайык алар; жүрүм-турум эрежелеринен жана баштапкы (исходные) ченемдерден турат, коомдук мамилелерди жөнгө салат, жалпы мүнөздү алып жүрөт.

М.И. Байтин, укуктук ченемди, өзүнө, жүрүм-турум эрежелеринен жана баштапкы ченемдерден турган эки укуктук алдын ала милдеттендирүүлөрдү же буйрууларды (предписание) камтыган, татаал категория катары аныктайт. Бул, укук мамилелерди жөнгө салуучу тикелей жүрүм-турум эрежелери бардык эле укуктук ченемдерде камтыла бербегендиги менен байланыштуу. Ченем-эрежелерден тышкары, - дефиниция-ченемдери, принцип-ченемдери, максат-ченемдери, аныкталган (декларативдүү) - ченемдер жана башка жалпы бекитилген ченемдер бар. Алардын мааниси Конституциянын преамбуласында жана башка ченемдик укуктук актыларда чагылдырылган. Мисалы, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 1-беренесинин 1-пункту: «Кыргыз Республикасы (Кыргызстан), эгемендүү, демократиялык, укуктук, унитардык, светик, коомдук мамлекет болуп саналат» [2] деп белгилейт. Бул ченем – чыгармачылыктын негизин аныктоочу (декларативдүү) болгондуктан гана ченемдик-эрежелер менен өз ара аракетенише алышат.

Байтиндин пикири боюнча, *аныктоочу* ченемдер, мамилелердин субъекттеринин укуктарын жана милдеттерин бекемдебегендиги жана кыйыр катышкандыгы менен ченемдик-эрежелерден айрымаланып турат. Бирок, өзүнүн мүнөзү боюнча укуктук болуп кала беришет, анткени, жүрүм-турумдун ченем-эрежелери аркылуу жүзөгө ашырылуучу башатты, баштапкы абалды белгилеп, алар менен системдүү байланышта, бирдикте аракеттенишет [3].

Укуктук ченем - жүрүм-турум эрежеси, коомдук мамилелердин белгилүү бир түрдөгү үлгүсү болуп саналары көпчүлүк окумуштуу – юристтердин аныктамаларында (В.Г.Афанасьев, В.В.Лазарев ж.б.) жазылган. Мисалы, Советтик чоң энциклопедияда, укук түшүнүгү «коомдук жүрүм-турумдун мамлекет тарабынан орнотулган жалпы милдеттүү эрежелери» катары аныкталат [4].

С.С. Алексеев: «укуктук ченем – бул бардык эле юридикалык мүнөздөгү алдын алуучу милдеттенмелер (талаптар - предписание) эле эмес, алардын көп жолку колдонулуусу үчүн иштелип чыккан жалпы эрежелерди гана көрсөткөндөрү болуп саналат» деп белгилейт [5].

Ал эми А.С. Пиголкин болсо, укуктук ченемди «укук субъекттеринин өздүк жүрүм-турумдарын ченемдердеги көрсөтмөлөргө шайкеш алып жүрүүсүн, аларды сактабаган учурларда, зыяндуу кесепеттерге алып келүүчү коркунучту жаратуучу жүрүм-турум эрежелери катары аныктайт. Ченем аркылуу, коомдук мамилелерге айланган белгиленген бир идея жүрүм-турум эрежесине калыптанат. Ченемдин түзүлүү жана кабыл алынуу жараяны мамлекет жана анын органдары аркылуу өтөт» [6] деп белгилейт.

Л.В. Афанасьева өзүнүн изилдөөлөрүндө укуктук ченемдин башка аныктамаларын келтирет. Мисалы, ал, укуктук ченемдин «жүрүм-турумдун эрежеси» аркылуу эмес, Н.Л. Гранттын жана В.В. Лазаревдин «эреже» аркылуу келтирген аныктамасын кызыктуу деп жазган. Мындай аныктама абдан ийгиликтүү, анткени, бул учурда ченем-эрежелери жана башка жалпы бекемдөөчү ченемдер да каралып, укуктук ченемдердин көрүнүшү болгон объектилер түркүмү бир топко көбөйөт. Анткени, коомдук ченемдерден тышкары, техникалык, грамматикалык ж.б. ченемдер бар.

А.Б. Венгеров («эреже (буйрук)»), В.И. Гойман-Червонюк («жүрүм-турумдун мыйзамдуу… мерчемдери болгон жоболор жана негиздер), В.М. Сырых («өкүмдүү жобо») тарабынан сунушталган аныктамаларды талдоодо, Афанасьева, алардын кууштугун, ченемдердин баары, ал тургай жоболор жана негиздер да, жүрүм-турум эрежелери боло бербегендигин көрсөтүүдө деп белгилейт [7]. Анын пикири боюнча, М.Баранов, Н.И.Матузов, А.В.Малько лор укуктук ченемдердин түзүмдөрүнүн өтө татаал аныктамаларын келтиришүүдө. Мындан тышкары, алар, баштапкы ченемдерге мүнөздүү болгон укуктук ченемдерди гана эмес, укуктук колдонуучу актыларды да камтыган ченемдердин сөзсүз буйруктуулугун белгилешет.

В.Н. Хропонюктун («коомдук мамилелердин түрдүк үлгүсү (модели)») аныктамасынын кемчилиги катары, Афанасьева, ченемдердин баары эле үлгү боло албасын, алар коомдук мамилелерди эмес, тараптардын туура жүрүм-турумун гана аныктарын белгилөөдө. Бирок, бул жерде укуктук ченемдин коомдук курамы, адамдардын адилеттүүлүктө негизделген жүрүм-турум үлгүсүн түзүү багытын аныктаганына карабастан Хропонюктун аныктамасы биз үчүн

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



толугу менен ачык-айкын же так эмес. Анткени, кандай мамилелер түзүлөрү боюнча жоболуулуктун жоктугуна жана бул мамилелердин бөлүнүп чыгарылуусу коомдун курулушу менен коштолоруна байланыштуу. Эгерде, В.С. Барулиндин ыкмасын негиз кылып алсак, анда, коом материалдык-өндүрүштүк, коомдук, саясий жана руханий чөйрөгө бөлүнөт. Ушул чөйрөлөргө таянып, ал коомдук мамилелердин - коомдук-экономикалык, коомдук-саясий, коомдук-маданий, коомдук – ыкчамдуулук түрлөрүн белгилейт. Бирок, мындай жиктештирүү (классификациялоо) жетишээрлик болбогондуктан, коомдун жашоосуна өз таасирин күчөткөн жараяндар жарлууда. Буга байланыштуу, аларды жөнгө салуу зарылчылыгынан улам, миграциялык, коомдук, этникалык жана адилеттүүлүк милдеттерди бөлүп чыгаруу зарылдыгы жаралат.

Афанасьева өзүнүн изилдөөсүнүн натыйжасында, укуктук ченемдердин тектик таандыгы, «жүрүш-туруш эрежелери» категориясы аркылуу толук кандуу билдириле албастыгынан улам, аны «стандарт» түшүнүгү менен алмаштырууну сунуштайт.

Укуктук ченемдин коомдук мамилелерди жөнгө салуучу өзгөчөлүгү, укуктук ченемдердин бардык түрлөрү үчүн анык жана мүнөздүү болгондуктан, ченемдик-эрежелер да, баштапкы ченемдер да, түз же кыйыр түрдө коомдук мамилелерди жөнгө саларын Афанасьева да, Байтин да белгилөөдө.

Ошол эле учурда, укуктук ченемдин өзгөчө мүнөздөмөсү катары анын албетте мамлекет менен өз ара байланышы болуп саналары талашсыз. Бирок, коомдук ченемдердин башка түрлөрү бул өзгөчөлүккө ээ болбогондугунан улам, бул өзгөчөлүк мындай көз караште тектүүлөргө (родовым) таандык эмес болуп калат.

Афанасьева, баардык эле изилдөөчүлөрдүн бул өзгөчөлүктү өздөрүнүн аныктамаларында колдоно бербешин белгилөөдө. Мисалы, М.И.Бобнева укуктук ченемди «жүрүм-турумдун коомдук жөнгө салуучу каражаты» катары кароодо [8], коомдук ченемдердин бардык түрлөрү мамилелерди жөнгө салууга багытталгандыгы «коомдук ченемдер» түшүнүгүнүн аныктамасында чагылдырылгандыгы менен байланыштуу деген аныктамага келген.

Укуктук ченемдин жалпы мүнөзгө болгон ээлиги, бардык коомдук ченемдерге таандык, анткени, «ченем» («норма», «norm…») түшүнүгүнүн негизги маанисинен келип чыгат. Бул өзгөчөлүк, укуктук ченемди кээ бир жеке укуктук жоболордон (нускама, буйрук ж.б.у.с.) айрымалайт жана ал көп жолку колдонууга эсептелип, «жүрүм-турум эрежеси» термининдеги аныктамалар тарабынан жаксыз тараптарга карата колдонулат. Алдынкы келтирилген мүнөз сыяктуу эле, ал дайыма көрсөтүлө бербейт.

Жогоруда келтирилген сапаттарды бардык коомдук ченемдер алып жүргөндүктөн, анын ичинде укуктук ченемдер да бар. Бирок, укуктук ченемдер көз каранды эмес көрүнүш катары, мамлекет менен үзгүлтүксүз байланыштагы өздүк өзгөчөлүккө ээ. Алар: мамлекеттик бийликтин жалпы милдеттүү талаптары; расмий аныктамага ээ; мамлекеттин мажбурлоочу күчү менен корголот.

Уктук ченем – бул мамлекет бийлигинин жалпы милдеттүү талабы болгондуктан гана «мамлекет тарабынан чыгарылган жана мамлекеттин эркин расмий билдирүүчү» [9] болуп саналары дайын. Юридикалык энциклопедиялык сөздүктө, позитивдүү (юридикалык) укугу – бул, «так укуктук мамилелердин катышуучусунун, мыйзам тарабынан аныкталган, мүмкүн болгон жүрүм-турумдарынын чегин аныктаган, жеке (субъективдүү) укугу» деп, ал эми табигый укук, - «адамдын табияты менен шартталгандыктан, мамлекет тарабынан мыйзамдуу таанылгандыгынан же таанылбагандыгынан көз карандысыз, негиздердин, эрежелердин, уктардын жана баалуулуктардын жыйындысы» [10] деп түшүндүрүлөт.

Учурдагы заманбап илим, позитивдүү укук менен бирге табигый укукка көңүл буруп, алардын ортосундагы өз ара байланышын анытоодо. Бул байланышты В.К.Бабаев: «укук адамдык билимдин уюлтмасы сыяктуу болгон ченемдик орнотуулардан турат. Укуктук ченем – бул да, орнотуулар болуп саналат, бирок, аныкталган үлгүдө бекитилген, же б.а., мыйзамдарда чагылдырылган. Демек, ченемделген укуктук орнотуулар, - табигый укуктун бир бөлүгү, ал эми укуктук ченем - позитивдүү мыйзамдын бир курамы болуп саналат» деп белгилейт.

Табигый укуктун баардык эле ченемдик орунотуулары юридикалык (укуктук) ченем болуп санала бербейт жана көптөгөн укуктук ченемдер (уюштуруучу, уюштуруучулук-техникалык, көптөгөн процедуралык) табигый укук менен такыр эле байланышкан эмес, же болбосо, өтө эле аз байланышта» [11].

Укуктук ченемдин жалпы милдеттүүлүк мүнөзү, бул, коомдун тиешелүү бардык мүчөлөрүнө таасир берүүчү укуктук ченемдердин талаптарынын сөзсүз аткарылышын билдирет. Баардык коомдук ченемдер жалпы милдеттүү мүнөзгө ээ болуп, бирок, укуктук ченем контекстинде бул, мамлекет тарабынан алардын корголушун көрсөтүү үчүн колдонулат.

Ошондой эле, Афанасьева, бул мүнөздүн көз карандысыз маанисинде карап, ченемдердин укуктандыруучу, сунуштоочу жана кызыктырып-колдоочу

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



жалпы милдеттүүлүктүн ар кандай даражаларын белгилейт.

Укуктандыруучу ченемдердин ээлери өз укуктарын пайдаланууну же колдонбоону өздөрү чечишет. Бирок, алар бир өкүлчүлүктүк милдеттендирүүчү мүнөзгө ээ, башкача айтканда, «кимдир бирөөгө белгилүү бир укуктарды өткөрүп берүүдөн, укуктук мамилелердин экинчи тарабынын тийиштүү милдеттери келип чыгат [12]. Демек, укуктоочу ченем түзүнөн даректчиге эмес, жөнгө салынуучу укуктук мамилелердин алкагындагы жактар үчүн сөзсүздүү болот.

**Адабияттар:**


1. Байтин М.И. Сущность права. Современное нормативное правопонимание на грани двух веков / М.И. Байтин. – Саратов: СГАП, 2001. – 416 с.
2. Конституция Кырпгызской Республики, 2010 г. (В редакции Закона КР от 28.12. 2016г., №218), ЦБДПИ МЮ КР.
3. Байтин М.И. Сущность права. Современное нормативное правопонимание на грани двух веков / М.И. Байтин. - Саратов: СГАП, 2001. – 416 с.
4. Большая советская энциклопедия. В 30 Т./ гл. ред. А.М. Прохоров - 3-е изд. - т.18. - М.: «Советская Энциклопедия», 1974. – 631 с.
5. Алексеев С.С. Собрание сочинений. В 10 т. Т.3. Проблемы теории права / С.С. Алексеев. - М.: Статут, 2010. – 781 с.
6. Пиголкин А.С. Нормы Советского социалистического права и их структура / А.С. Пиголкин // Вопросы общей теории советского права. Сборник статей. - М.: Госюриздат, 1960. - С. 148-193.
7. Афанасьева Л.В. Нормы права и их действие: вопросы теории: дис. к-та юрид. наук: 12.00.01 / Афанасьева Людмила Владимировна. - М., 2000. - 177 с.
8. Бобнева М.И. Социальные нормы и регуляция поведения / М.И. Бобнева; отв. ред. Е.В. Шорохова. - М.: Наука, 1978. – 311 с.
9. Байтин М.И. Сущность права. Современное нормативное правопонимание на грани двух веков / М.И. Байтин. - Саратов: СГАП, 2001.с. 416 с.
10. Большой юридический энциклопедический словарь / авт.-сост. А.Б.Барихин. - М.: Книжный мир, 2006.-720 с.
11. Общая теория права. Курс лекций / Под общ. ред.: В.К. Бабаев. - Нижний Новгород: Изд-во Нижегор. ВШ МВД РФ, 1993. - 544 с.
12. Афанасьева Л.В. Нормы права и их действие: вопросы теории: дис. к-та юрид. наук: 12.00.01 / Афанасьева Людмила Владимировна. - М., 2000. - 177 с.
13. Шаршеналиев Ж.А. Правовые акты требующие внимания прокурора. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана, №8. - 2019. - С.133-136.